УДК 37.013.77 (575.2) (04)
DOI 10.58649/1694-8033-2024-3(119)-369-373

**АБДЫЛДАЕВА Т.Ч., ТАЛГАТ КЫЗЫ С.**
Ж. Баласагын атындагы КУУ
**АБДЫЛДАЕВА Т.Ч., ТАЛГАТ КЫЗЫ С.**
КНУ имени Ж. Баласагына
**ABDYLDAEVA T.CH., TALGAT KYZY C.**
KNU named after J. Balasagyn

# КЕНЖЕ МЕКТЕП ОКУУЧУЛАРЫНЫН ДЕВИАНТТУУ ЖҮРҮМ-ТУРУМУ ПСИХОЛОГИЯЛЫК-ПЕДАГОГИКАЛЫК КӨЙГӨЙ КАТАРЫ

## ДЕВИАНТНОЕ ПОВЕДЕНИЕ МЛАДШИХ ШКОЛЬНИКОВ КАК ПСИХОЛОГО-ПЕДАГОГИЧЕСКАЯ ПРОБЛЕМА

## DEVIANT BEHAVIOR OF YOUNGER SCHOOLCHILDREN AS A PSYCHOLOGICAL AND PEDAGOGICAL PROBLEM

**Кыскача мүнөздөмө:** Макалада девианттуу жүрүм-турум психологиялык-педагогикалык көйгөй катары каралат. Жыл сайын балдар арасында кылмыштуулуктун жана баңгиликтин көбөйүшү, девианттуу жүрүм-туруму бар балдардын санынын өсүү тенденциясы байкалууда. Ушуга байланыштуу девианттуу жүрүм-турумга жакын кенже мектеп окуучуларына психологиялык-педагогикалык жардам көрсөтүү зарылчылыгы келип чыгууда.

**Аннотация:** В статье рассматривается девиантное поведение как психолого-педагогическая проблема. С каждым годом отмечается рост детской преступности, наркомании и прослеживается тенденция к увеличению числа детей с девиантным поведением. В связи с этим возникает необходимость оказания психолого-педагогической помощи детям младшего школьного возраста, склонным к девиантному поведению.

**Abstract:** The article examines deviant behavior as a psychological and pedagogical problem. Every year there is an increase in child crime and drug addiction, and there is a trend towards an increase in the number of children with deviant behavior. In this connection, there is a need to provide psychological and pedagogical assistance to children of primary school age who are prone to deviant behavior.

**Негизги сөздөр:** кенже мектеп окуучулары; девианттуу жүрүм-турум; психологиялык-педагогикалык көйгөй.

**Ключевые слова:** младшие школьники; девиантное поведение; психолого-педагогическая проблема.

**Keywords:** junior schoolchildren; deviant behavior; psychological and pedagogical problem.

Мектепте балдарды тарбиялоо жана алардын жүрүм-турумун көзөмөлдөө маселеси заманбап билим берүү системасындагы эң маанилүү жана актуалдуу милдеттердин бири. **Девианттуу** (англисчеден, немисчеден deviant; латынчадан deviatio – четтеген, алыстаган) жүрүм-турум деп адамдардын же алардын тобунун жалпыга милдеттүү деп таанылган эрежелер менен нормаларды бузуп, алардан четтеп, социалдык топтор же бүтүндөй коом тарабынан ага иренжүү, эскертүү, уяткаруу, тыюу салуу, жоопкерчиликке тартуу ж.б. белгилүү бир формада жооп берүү же реакция кылуу зарылдыгын жараткан иш-аракеттери менен жорук-жосундары аталат [1]. Девианттуу жүрүм-турум *маданий регресстин* бир көрүнүшү болуп саналат. ***Маданий регресс*** (латынчадан regressus – кетенчиктөө, артка карай кыймыл, чегинүү) маданияттын бийик жетишкендиктерден четтеп, анын мурдагы, азыркы кезде үлгү деп алынган формаларынан бир кыйла ылдый, карапайым, одоно абалдарына карай төмөндөө тенденциясы менен өнүгүүсүн туюнткан түшүнүк болуп саналат. Маданий регресстин мазмунун *деградация процесстери, маданияттын деңгээлинин төмөндөшү, анын айрым элементтеринин учур талабына болгон функцияларын аткарууга жөндөмсүздүгү* түзөт. Маданий регресс зарыл болгон билимдер менен социалдык тажрыйбанын жоктугу катары мүнөздөлгөн *маданиятсыз* жана *тарбиясыздык* сыяктуу

феномендердин пайда болушун шарттайт. Социалдык-психологиялык факторлор тарабынан шартталган кубулуш катары маданиятсыздык жана тарбиясыздык коомдогу көп кырдуу негативдүү феномен болуп саналат.

Мектеп жылдары адамдын жашоосундагы маанилүү этаптардын бири болуп саналат, бул мезгилде инсандык активдүүлүк калыптанып, активдүү психикалык өнүгүү жүрөт, ал көп учурда тынчсыздануунун күчөшү жана натыйжада девианттык жүрүм-турумдун пайда болушу менен коштолот. Ата-энелердин, мугалимдердин негизги максаты бул дени сак инсанды тарбиялап чоңойтуу болуп саналат. Жүрүм-турум – бул курчап турган дүйнө менен адамдардын өз ара аракеттенүү жолу. Жүрүм-турум – бала кезден эле тарбияланып баштайт. Туура тарбия берүү адамдын коом менен байланыш түзүшүнө, жашоодо өз ордун табышына жана өзүнө да, башкаларга да пайда алып келишине мүмкүнчүлүк берет. Журум-турумдун негиздери адамдын балалык кезинен башталып, анын үй-бүлөсүндө калыптанат десек болот.

Кенже мектеп жашы – бул баланын жашоосунда бир катар өзгөрүүлөр болуп, оюн ишмердүүлүгү артта калган окуу процессинин баштапкы этабы [2]. Психикалык ден соолук, башкача айтканда, психологиялык, физиологиялык жана социалдык бейпилдиктин абалы баланын мектептеги жетишкендиктери үчүн чоң мааниге ээ. Башталгыч мектеп жылдарында болуп жаткан өзгөрүүлөрдүн тез темптери, баланын кабыл алуусуна, күн тартибине, баалуулуктарына, милдеттерине таасирин тийгизет. Бала мектепке келери менен жаңы социалдык кырдаалга туш болот да, бул анын тынчсыздануусун күчөтөт. Баланын тынчсыздануусун калыптандырууда социалдык чөйрө маанилүү роль ойнойт. Чоңдор жана теңтуштар менен баарлашуу, өз алдынчалыкка болгон муктаждыктардын көбөйүшү жана интенсивдүү окуу жүктөмдөрү кенже мектеп окуучуларында өнөкөт стрессти, эмоционалдык чыңалуу жана тынчсыздануну жаратып, татаалдуулуктун негизи болуп саналат. Заманбап жүрүм-турумду түшүнүү тышкы чөйрөгө болгон реакциялардан алда канча жогору турат. Дээрлик бардык окумуштуулар жүрүм-турум адамдын ички көрүнүшү экенине кошулат. Аларга нерв системасынын өзгөчөлүгү, мотивация, эмоционалдык реакциялар жана өзүн өзү жөнгө салуу процесстери кирет [3].

Девианттык журум-турумдун өзүнө мүнөздүү факторлору бар:

Австриялык врач жана психолог Альфред Адлердин (1870-1937) өксүк комплексин компенсациялоо (компенсация комплекса неполноценности) тууралуу окуусу боюнча адамдын жүрүм-туруму биологиялык же физиологиялык (көзү чалыр, кекеч, бою кичинекей, оозу-мурду жырык, дене түзүлүшү чабал ж.б) жана социалдык (коомдон алган төмөнкү статус, ата-эненин жоктугу, зарыл болгон билим менен тарбиянын жоктугу же алардын жетишсиздиги, социалдык муктаждыктар ж.б.) өксүктөр менен шартталган. Мындай өксүктөргө ээ инсандар өзүндөгү мүчүлүштүктү оң (карьера жасашат, чыгармачыл дараметтерин өнүктүрүшөт, спорт менен машыгышат, коомдук иштерге активдүү катышышат ж.б.) же терс (аракка, же баңги заттарына ооп кетишет, таарынчак, шекчил, майдачыл, эрки бош болуп кетишет, өз проблемалары үчүн башка адамдарды күнөөлөшөт, өзүнөн билимдүү, маданияты, таалим-тарбиясы жагынан өйдө турган, бирок статусу боюнча ага көз каранды адамдарды куугунтуктап, алардан өч алууну максатына айландырышат ж.б.) маанайда компенсациялашат.

Адлердин пикири боюнча адамдын мүнөзү менен жүрүм-туруму анын “турмуштук стилине” ылайык калыптанат. “Турмуштук стиль” адамдын бала күнүнөн тартып кандайдыр бир өксүктү, мүчүлүштүктү кемчиликти коомдук артыкчылыктарга умтулуу аркылуу компенсациялоонун системасы болуп саналат. Мисалы, кызыл тили,чечендик өнөрү, куюлушкан сөздөрү менен даңкталган байыркы грек оратору Демосфен бала кезинде кекеч болсо, кыргыздын ак таңдай төкмө акыны Жеңижок ала оорусунан жапа чеккен [4]. Адлер сыяктуу эле америкалык политолог Г. Лассуэлл “Психопатология жана саясат” деп аталган классикалык мүнөздөгү эмгегинде адамдын социалдык артыкчылыктарга умтулуусун өксүк комплекси менен психологиялык травмаларды компенсациялоого болгон далалаты катары баалаган. Аталган ойчулдардын пикири боюнча адам өзүндөгү алсыздыкты, кемчиликти, качандыр бир кездерде башынан өткөргөн кордукту, кемсинтүүнү, шылдыңды расмий жана расмий эмес саясий бийликтин, лидерликтин жардамы аркасында компенсациялашат. Мисалы, алар А. Гитлер, Наполеон Бонопарт, В.И. Ленин, Р. Никсон ж.б.у.с. саясий ишмерлердин психобиографиясын изилдөөгө тартуу менен төмөнкүдөй кызыктуу жагдайды тастыкташкан. Аталган лидерлер кичинекей бойлуу жана физикалык жактан алсыз адамдар болушкан. Алар бала кезинде жана жаш чагында нечендеген шылдыңдоолорду жана келекелөөлөрдү башынан өткөрүшкөн. Улуу аскер

башчысынын жана чыгаан саясий ишмердин жолун тандап алуу менен алар өз өксүктөрүн компенсациялоого далалаттанышкан.

Ошентип, девианттык жүрүм-турум – индивидуалдык өзгөчөлүктөргө негизделген чөйрө менен өз ара аракеттенүү процесси болуп саналат. Биологиялык факторлордун натыйжасында адам ошол чөйрөгө ыңгайланышып кетиши мүмкүн. Мисалы, бала жакшы сүйлөй албай калгандыктан (кекечтенип сүйлөсө), анда классташтары аны шылдыңдашы мүмкүн, анда бала агрессивдүү жана антисоциалдык болуп калат. Агрессивдүү жүрүм-турумдун жана кызуу кандуу мүнөздүн калыптанышына генетикалык, башкача айтканда, тукум куучулук факторлор да таасир этиши мүмкүн болгондугун эске алуу керек. Психологиялык факторлор – адамдын жүрүм-турумуна жана башкалар менен болгон мамилесине таасир этүүчү темпераменттин жана мүнөздүн өзгөчөлүктөрү, нерв системасы тең салмактуу эмес өспүрүмдөр кирет.Социалдык факторлор – үй-бүлөдөгү тарбиянын өзгөчөлүктөрүн, ата-энесинин бар же жок болгондугун, баланын үй-бүлөсүнүн жана коомдун экономикалык абалын, мамлекеттин маданий жана саясий мүнөздөмөлөрүн камтыган факторлордун чоң тобу [5]. Ушул факторлордун бардыгы баланын инсандыгын калыптандырууга жана анын коомго жана өзүнө болгон мамилесине таасир этет.

Кенже мектеп окуучуларын тарбиялоонун оордугунун өзүнө мүнөздүү себептерине үй-бүлөдөгү жана мектептеги тарбиядагы кемчиликтер, жеке жана башка факторлор, курчап турган коомдун таасири кирет.

Девианттык жүрүм-турум бүгүнкү күндө эң актуалдуу психологиялык-педагогикалык көрүнүштөрдүн бири болуп саналат, эгер мурда бул балдарга гана мүнөздүү деп эсептелсе, акыркы жылдары кыздар да адистердин көңүлүн көбүрөөк бура баштаашты, кеп сабактарды калтыруу, үй тапшырмасын аткарбай коюу сыяктуу майда укук бузууларда эмес, бул коомдук мааниге ээ болгон оор кылмыштарга алып келиши мүмкүн. Ошол эле учурда, кыздар барган сайын эркек балдардын жүрүм-турумунун бузулушунун “шыктандыруучуларына” жана демилгечилерине айланууда. Кичинекей мектеп окуучуларынын девиантты жүрүм-туруму көйгөйү кылдат изилдөөнү талап кылат, анткени анын пайда болуу мүнөзү өтө татаал. Бул ата менен эненин терс үлгүсү, ата-эненин биринин жоктугу, үй-бүлөдөгү тынымсыз чыр-чатактар эсептелет [6]. Девианттык жүрүм-турум бүгүнкү күндө эң актуалдуу психологиялык көрүнүштөрдүн бири болуп саналат.

Учурда окуучулардын девианттуу жүрүм-туруму бардык мектептерде кеңири таралган жана байкалган. Девианттык жүрүм-турумдун кандай түрлөрү жана формалары бар экендиги тууралуу көптөгөн теориялар жана идеялар бар. Социологдор, психологдор, дарыгерлер жана башка адистер бул көйгөйгө ар кандай көз караш менен карашат жана девианттык жүрүм-турум феноменин классификациялоо боюнча көптөгөн ар кандай ойлорду ортого салышат. Ата мекендик адабияттарда девианттык жүрүм-турум – бул кандайдыр бир коомдогу белгиленген ченемдерге туура келбеген иш-аракет [7]. Ошентип, девианттык жүрүм-турум – индивидуалдык өзгөчөлүктөргө негизделген чөйрө менен өз ара аракеттенүү процесси. Ошентип, үй-бүлөлүк тарбия стилинин бузулушу, эмоционалдык четтөөлөр жана ата-энелердин катуу талаптары кенже мектеп окуучуларынын тынчсызданууусуна олуттуу таасирин тийгизет. Балага коюлган чектөөлөр жана тыюу салуулар, талаптардын күчтүүлүгү, жазалоонун көп колдонулушу жана анын муктаждыктарына аз көңүл буруу, жалпы нааразылык баланы тынчсыздануу абалына алып келет да, стресстин келип чыгышына алып келет [8].

Кенже мектеп окуучуларынын жаш тобунда байкалган девианттык жүрүм-турумдун түрлөрүнүн ичинен төмөнкү варианттарды бөлүп көрсөк болот:

- баш ийбөөчүүлүк, бул девианттык жүрүм-турумдун эң кеңири тараган көрүнүшү;

- шоктук, зыянсыз көрүнүш катары эсептелинет, анткени ал баланын активдүүлүгүн жана креативдүүлүгүн чагылдырат;

- зөөкүрлүк, тентектик да баланын чыгармачылыгын жана активдүүлүгүн көрсөтүүгө мүмкүндүк берет, бирок бул учурда эрежелерди жана нормаларды бузуу аң-сезимдүү түрдө болуп, башкаларга атайылап зыян келтирет [9];

-кылмыш, коомго коркунуч туудурат. Эреже катары, ал бир нече жолу жасалат, бул баланын мүнөзүнүн белгилүү бир сапаттары калыптанып жатат деп айтууга болот. Девианттык жүрүм-турумдун башка «жеңил» формаларынан айырмаланып, ал көбүнчө алдын ала пландаштырылат[10];

- тескерилик, башкалардын таасирине жана аракеттерине негизсиз каршылык көрсөтүү. Ал пассивдүү формада өжөрлүк, талаптарды аткаруудан баш тартуу катары көрүнөт. Активдүү формада бала атайылап өзүнөн талап кылынган нерсенин тескерисин жасайт;

- кежирлик, бала жөн эле түшүндүрө албаган жүрүм-турумда же иш-аракеттерде, ошондой эле чоңдордун талабына каршы турууда чагылдырылат. Алар чарчоо, же өтө эмоционалдуу окуялардын таасири астында пайда болот. Кээде алар ыйлоо (истерика) же катуу толкундануу менен коштолушу мүмкүн [11];

- бейбаштык, бул ашыкча көз карандысыздыктын, өзүн-өзү ырастоого умтулуунун, бирок ошол эле учурда муну конструктивдүү жол менен билдире албагандыктын натыйжасы.

Орто мектептердеги кенже мектеп окуучуларынын девианттуу жүрүм-турумунун бардык көрүнүштөрүнө арналган көптөгөн изилдөөлөрдү талдоодо ишмердүүлүктүн бул жагына жетишсиз көңүл бурулат, бул башталгыч класстын окуучуларынын девианттуу жүрүм-турумунун алдын алуунун так стратегиясын аныктоого мүмкүндүк бербейт.

Кенже мектеп окуучуларынын девианттуу жүрүм-турумунун негизги себептери болуп төмөнкүлөр эсептелет:

- үй-бүлөдөгү туура эмес тарбия;
- мектепке чейинки мекемелердин кызматкерлери кетирген каталар;
- мектепте окутууга психологиялык-педагогикалык даярдыктын начардыгы;
- оюн-зоок жана билим берүү ишмердүүлүгүндөгү мүчүлүштүктөр;
- ар түрдүү терс эмоционалдык окуялар;
- балдар жана мектеп топторунда изоляция ж.б. [12].

Кенже мектеп окуучулары үчүн моралдык жана этикалык нормаларда каралган өзүнчө жүрүм-турум эрежелери бар. Бул эрежелер кенже мектеп окуучуларына психологиялык-педагогикалык чөйрөдө гана эмес, боорукердикке, кайрымдуулукка, жакын адамына жардам берүү ж.б.у.с. сезимдерди тарбиялоого жардам берет.

Балалык жана өспүрүмдүк курактарда жасалган девианттуу жүрүм-турум инсандын калыптануу процесси толук аяктай электиги, үй-бүлөнүн тескери таасири жана жаш адамдын өзүн курчаган девианттуу жүрүм-турумдагы өспүрүмдөрдүн таасиринен көз карандылыгы менен шартталат.

Жетилген курактагы адамдардын девианттуу жүрүм-турум инсандын туура эмес өнүгүүсүнүн же адамдын турмушундагы айрым жагымсыз жагдайлардын кесепети болушу мүмкүн. Девианттуу жүрүм-турумду алдын алуу үчүн адамды бала чактан тартып эле моралдык нормаларга сый мамиле кылууга тарбиялоо жана адеп-ахлактуу адаттарга көндүрүү эсептелет.

## Колдонулган адабияттар


1. Аалиева Г.К. Девианттуу жүрүм-турум: себептери жана формалары // Материалы международной конференции «Философии истории и образования: поиски и проблемы», посвященной 70-летию профессора А. И. Исмаилова и 15-летию Института социально-гуманитарных наук (бывшего факультета философии и госуправления) КНУ имени Ж. Баласагына // Вестник КНУ, декабрь, 2007, сер. 1, вып. 1, с. 80-86.
2. Веракса Н.Е. Диагностика готовности ребенка к школе. – Москва: Мозаика-Синтез, 2016, 43 с.
3. Овсянникова С.К., Нафикова А.М. Особенности педагогической поддержки младших школьников, склонных к девиантному поведению // Психология и педагогика: методика и проблемы практического применения, 2011, № 21-2. – URL: https://cyberleninka.ru/article/n/osobennosti-pedagogicheskoy-podderzhki-mladshih-shkolnikov-sklonnyh-k-deviantnomu-povedeniyu (дата обращения: 08.10.2021).
4. Аалиева Ш.К. Лидерликтин философиялык экспликациясы: Философия илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алууга талаптанып жазылган диссертация. – Бишкек, 2004, 18-20-б.
5. Девианттык жүрүм-турум психологиясы. – URL: https// ffc.org.kg
6. Польшиков А.В., Кравцов И.А., Буданов С.А. Основные направления повышения эффективности ранней профилактики девиантного поведения учащихся общеобразовательных организаций // Вестник ВИ МВД России, 2021, №1.

7. Акишева А.К., Кошегалдинова А.Б. Девиантное поведение младших школьников и его связь с самооценкой // HHP/S&R, 2021, №2 (6). – URL: https://cyb erleninka.ru/arti cle/n/deviantnoe-povedenie-mladshih-shkolnikov-i-ego-svyaz-s-samootsenkoy (дата обращения: 08.10.2021).

8. Выготский Л.С. Педагогическая психология. – Москва: Педагогика-Пресс, 2014, 263 с.

9. Назарбекова Б.Ж., Кубатбек кызы К., Ниязбекова М.Н. Кенже мектеп окуучуларынын таанып билүүсун өнүктүрүүгө багытталган оюндарын жүргүзүү иш аракети // Вестник КНУ им. Ж. Баласагына, 2023, №2 (114), с. 363-368.

10. Абдымомунова Г.А. Башталгыч класстын окуучуларын инсанга багыттап окутууда жомоктордун ролу // Вестник КНУ имени Ж. Баласагына, 2023, №2 (114), 286-290-б.

11. Филиппова В.П. О факторах, влияющих на возникновение девиантного поведения у младших школьников // Вестник РУК, 2014, №4 (18). – URL: https://cyberleninka.ru/article/n/o-faktorah-vliyayuschih-na-vozniknovenie-deviantnogo-povedeniya-u-mladshih-shkolnikov (дата обращения: 08.10.2021).

12. Карпечина Е.Н., Шульгина В.А., Перцева С.А Проблемы организации взаимодействия педагога с обучающимися с девиантным поведением // Современные инновации, 2019, №2(30). – URL: https://cyberleninka.ru/article/n/problemy-organizatsii-vzaimodeystviya-pedagoga-s-obuchayuschimisya-s-deviantnym-povedeniem (дата обращения: 08.10.2021).